**«БЕКИТЕМИН»**

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик**

**университетинин илим, эл аралык коммуникациялар**

**жана инновациялар боюнча проректору, п.и.д.,**

**доцент Чалданбаева А.К.**

**___________________**

**«______»____________2024-ж.**

**Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо боюнча педагогика кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 10-декабрындагы № 5-протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:**

1. Эсенгулова М.М. – педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: 13.00.01.
2. Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор: 13.00.01.
3. Муратов А.Ж. – педагогика илимдеринин доктору, профессор: 13.00.01.
4. Акматов К.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор: 13.00.01.
5. Токсомбаева Э.Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: 13.00.01.
6. Бектуров Т.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: 13.00.01.
7. Кудайбердиева Г.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин. м.а.: 13.00.01.
8. Ниязова А.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.: 13.00.01.

9. Жакыпова З.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.: 13.00.01.
10. Байгазиева К.С. – ага октуучу
11. Турсунова Э.А. – ага октуучу
12. Курманова К.Ө. – окутуучу;
13. Жунушалиева А.Д. – окутуучу;
14. Байдылдаева Г.Т. – окутуучу;
15. Мусаева Ж.А. – окутуучу.

**Жыйындын төрайымы:** Эсенгулова М.М. – педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Жыйындын катчысы:** Байдылдаева Г.Т. – окутуучу

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары»** – **аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.**

**2. Амираева Лайликан Авазовнанын «Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» – темасындагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын талкулоо жана бекитүү.**

**Диссертациялык иш** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** Калдыбаева А.Т. – педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары! Бүгүн Амираева Лайликан Авазовна «Жасалга-колдонмо

искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» – аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин жана кандидаттык экзамендин кошумча программасын талкуулайбыз.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Амираева Лайликан Авазовна диссертациялык иштин негизги мазмуну менен тааныштырып өттү (Докладдын тексти тиркелет).

**Жыйындын төрайымы:** Изденүүчүнүн диссертация боюнча баяндамасы аяктады, кимде кандай суроолор бар?

***Муратов А.Ж. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:*** мен Лайликан Авазовнанын авторефератын окуп чыктым. Биринчи суроом, жасалга-колдонмо искусство дициплинасына кайсы предметтер кирет?

***Изденүүчү:*** Суроoңузга ырахмат! Жасалга-колдонмо искусство дициплинасы өзүнө “жасалга-колдонмо искусствосунун негизи”, “материал таануу”, “материалды көркөм иштетүү”, “көркөм сүрөт жана жасалга-колдонмо искусствосунун теориясы жана технологиясы”, “жасалга-колдонмо искусствосунун технологиясы” – деген предметтерди камтыйт. Бул предметтер  көркөм билим берүү багытында билим береген бардык жогорку окуу жайларында окутулат.

***Муратов А.Ж.:*** Менин экинчи суроом: Жасалга-колдонмо искусствосундагы улуттук өзгөчөлүк боюнча бир топ улуттарды караптырсыз, мисалы, кыргыздар менен казактардын ортосунда кандай айырмачылыктар бар?

***Изденүүчү:*** Суроoңузга ырахмат! Кыргыздар менен казактардын жасалга-колдонмо искусствосунун ортосунда айрым гана өзгөчөлүктөр бар. Мисалы: казак шырдагын ала турган болсок, жасалуу технологиясында, кийиздин шырыгында, андагы оюм-көчөттөрүндө биздин шырдакка

салыштырмалуу бир аз өзгөчөлөнүп турат, себеби, алардын оюм-чийимдери биздин оймолорго караганда чоң-чоң болуп түшөт.

***Муратов А.Ж.:*** Үчүнчү суроо: Чыгармачылык активдүүлүк дегенди кандай түшүнөсүз?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! *Ч ы г а р м а ч ы л ы* к – бул адамдын же топтун сапаттуу жаңы, уникалдуу баалуулуктарды жаратуу процесси. Чыгармачылыктын натыйжасы материалдык нерсе – сүрөт, ойлоп табуу же китеп же материалдык эмес объект, – белгилүү бир билим чөйрөдөгү инновациялык идея, музыкалык, адабий чыгарма же илимий теория болушу мүмкүн.

***Муратов А.Ж.:*** Эксперимент жүргүзүүгө канча студент катышты?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Эксперимент И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасында көркөм өнөр билим берүү багытында билим алган студенттерден, ал эми текшерүүчү топ К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин көркөм сүрөт багытында билим алган студенттерден түзүлдү. Эксперимент жүргүзүүгө жалпысынан 56 студент катышты.

***Акматов К.К.: - педагогика илимдеринин доктору, профессор*:** Сизге чейин да бул темада диссертация жакталды беле?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Ооба, мага чейин да жасалга-колдонмо искусствосу боюнча А.Э. Турусбекова «Колдонмо-жасалга кол өнөрү аркылуу студенттердин эстетикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары», А.Н. Джүзбаева «Кыргызстандын жогорку окуу жайларында декоративдик-колдонмо искусствону окутуунун тарыхы жана тенденциясы» аттуу диссертацияларды коргошкон.

***Акматов К.К.:*** Менин экинчи суроом: Педагогикалык шарт дегенге кандай аныктама бересиз?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Илимий-теориялык, педагогикалык талдоолордо окумуштуулар – “педагогикалык шарт” түшүнүгүн бир нече

багытта бөлүп карашкан. Педагогикалык шарттар педагогикалык таасирдин кандайдыр бир иш-чараларынын жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы жана иш-чаралардын (комплекси), мазмуну, методдору жана окутуу менен тарбиялоонун уюштуруу формалары; коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган мазмун, форма, методдор, каражаттар жана материалдык-мейкиндиктик чөйрөнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы.

***Акматов К.К.:*** Үчүнчү суроом: Сиз “Көркөм өнөр” окуу китебинин автору жана бул окуу китептер боюнча эксперт катары мектептер менен тыгыз байланышта иштеп жатасыз, диссертацияңызда бул камтылдыбы?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Биз студенттерге көркөм өнөр багытында билим берип жаткандыктан, окууну аяктагандан кийин сөзсүз түрдө орто мектептерге барып иштеп, бул багыттагы билимдерин окуучуларга үйрөтө алышат, ал эми автор катары 1-класстын окуу китебиндемин, ал жерде жалпы көркөм сүрөт өнөрү боюнча окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен мазмундук материал берилген.

***Кудайбердиева Г.К.: – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин. м.а.:*** биринчи суроом, көркөм билим берүү багытындагы факультеттер үчүн жасалга-колдонмо кол өнөрчүлүк боюнча билим берүүнүн мазмунунда эмнелер камтылган?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Биринчи кезекте кыргыз элинин жасалга-колдонмо өнөрүнүн тарыхый өнүгүшүн, ар бир буюмдун жасалуу, сакталуу, мезгилдерге жараша өзгөрүүсү боюнча теориялык билимдер берилет, андан соң практикалык сабактарда ар бир багыт боюнча практикалык иштер жасалат, мисалы, оюм-чийим (эскиз) түзүү, кийиз басуу, чий чырмоо, сайма саюу, оймо оюу, курак куроо ж.б.

***Кудайбердиева Г.К.:*** Экинчи суроом, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү кандай жыйынтыктарды берди?

***Изденүүчү:*** Сурооңузга ырахмат! Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүктөрүн өнүктүрүү келечектеги адистин кесиптик жактан даярдоо жагында маанилүү милдети болуп саналат, себеби, улуттук баалуулуктарды баалоо, муундан-муунга өткөрүп сактоо, жайылтууга жасалган кадамдар, бүгүнкү студент, эртеңки кесипкөй адис, келечек муундарга улуттук баалуулуктарды таанытa турган кесип ээси. Ошондой эле жалпы жана *профессионалдык компетенцияларын калыптандыруу да күчтүү каражат*, себеби, студенттердин *рухий* өсүүлөрүнө, билим-билгичтиктерине, дүйнө таанымына, атуул катары *калыптанышына,* адеп-ахлактык, эли-жерин сүйүүгө, элдик каада-салттарды билүүгө шарт түзүп, чыгармачылык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жол ачып, көркөм-эстетикалык табитин өстүрөт жана калыпт андырат.

**Жыйындын төрайымы:** Сөз, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Т.М. Бектуровго берилет.

***Бектуров Т.М.: - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:***

Мен да өз пикиримди айтып кетейин. Чындыгында иш абдан актуалдуу. Ушул искусство багытында илимий иш жазгандар жокко эсе. Эженин илимге багыт алып, илимий иш жазып жатканы абдан жакшы көрүнүш. Менин айтайын дегеним, негизи искусство багытында илим жактагандар эстетикалык тарбия берүү жагын карашат го, ал эми Лайликан Авазовнанын илимий иши чыгармачылык активдүүлүк боюнча жазылыптыр. Азыркы учурда чыгармачылыкты, өз алдынчалыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүгө негизги талаптар коюлуп жатат. Бул илимий иш ушул жагы менен артыкчылыктуу экен. Ошондуктан иште чыгармачылык активдүүлүктү кимдер изилдеген ушул багытка басым жасалса. Ушул жагын карап койсо, ошондо жанагы айтылган критерийлер такталат болуш керек деп ойлоймун.

Анан бул жакта көбүнчө элдик этно-педагогикага, эстетикалык-тарбия берүү боюнча изилдеген окмуштуулардын эмгектери көбүрөөк каралыптыр.

***Эсенгулова М.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:***

биринчи суроо, көркөм өнөр программалары талданды деп айттыңыз. Жыйынтыгы кандай болду?

***Изденүүчү.*** Суроонузга рахмат. Көркөм билим берүү багытында окутулуучу жасалга-колдомо искусствосу курсу боюнча окуу программаларын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын талдадык. Бул талдоодо, К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун көркөм сүрөт кафедрасы, ОшМУнун Искусство факультетинин көркөм өнөр искусствосу жана И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин көркөм өнөр багытындагы окуу программалары талдалып, курсту окутуунун максат, милдеттери, курсту окутууга коюлган талаптар жана программанын мазмундук тилкесине талдоо берилди. Салыштыруунун негизинде бул дисциплина боюнча окуу-методикалык комплексттер толукталды. Студенттердин өз алдынча практикалык иштерине тапшырмалар системасы түзүлдү жана теориялык окуу үчүн да адабияттар сунушталып, тапшырмалар системасы түзүлүп, окуу-иш жана типтүү программа, ОМК иштелип чыкты.

***Эсенгулова М.М.:*** Модель деген эмне? Баалоо критерийлеринде эмне деген критерийлерди колдонуп баалап жатасыздар?

***Изденүүчү:*** Суроонузга ырахмат! Модель билимдердин системасын түзүүчү жана максат, милдеттерди, мазмундук бөлүктү, уюштуруучулук ишмердүүлүктү, жыйынтыктоочу, баалоочу бөлүктөрдү өзүнө камтыйт.

Иштелип жаткан модель – болжолдонгон аракеттердин жана процесстердин, компоненттери долбоорлонгон системанын элементтеринин жыйындысын бириктирген функционалдык түйүндөр болуп саналат.

Илимий изилдөөдө моделди иштеп чыгууда ишке ашырылган негизги ыкмалар: негизинен эмпирикалык методдор колдонулду*:* педагогикалык экспериментти уюштуруу жана жүргүзүүдө студенттердин жасалга колдонмо искусствосу сабагында чыгармачылыгын өнүктүрүү үчүн окуу процессинде байкоо, салыштыруу жана жалпылоо методдору аркылуу студенттердин алгачкы билим деңгээлдери аныкталып, жасалга-колдонмо искусство

предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн модели түзүлдү.

***Жыйындын төрайымы***: Кимде кандай суроолор бар? Эгерде суроо жок болсо, анда диссертацияны талкулоого өтөлү. Алгачкы сөз изденүүчүнүн илимий жетекчиси, педагогика илимдеринин доктору, профессор Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовнага берилет.

***Калдыбаева А.Т.: - педагогика илимдеринин доктору, профессор***: Амираева Лайликан Авазовна бул илимий иштин үстүндө көп жылдардан бери изилдеп, эмгектенип келе жатат. Айрымдар теория жүзүндө гана билишсе, бул өзү практик болгондуктан илимий ишин теориялык талдоо менен салыштырып жазды. Отуздан ашык илимий эмгектерди жазган. Жасалга-колдонмо искусствосу боюнча жазылган Кыргызстандагы үчүнчү иш десек болот. Жогоруда өзү айтып кетти бул багытта А.Э. Турусбекова, А.Н. Джүзбаева илимий иш жазышканын. Булардын баалоо критерийлери боюнча абдан туура суроо берилди, себеби, баалоо десе эле биз педагогдор чогулуп алып студенттин ишин баалайбыз деген туура эмес, илимдеги баалоо критерийлери кайсылар? Ошого көңүл бурушубуз керек, Мына жайдан бери эле илимий ишти бир топ оңдоп, түзөөгө туура келди. Изденүүчү такыр шашпайт, бирок азыр шашыш керек болуп жатат. Себеби; жаңы жылдан кийин кандидатыкка да Scopus киргизилгени жатыптыр, эгер Scopus кирип калса анда такыр эле эч ким кандидаттыгын жактай албай калышат го. Изденүүчү Л. Авазовна абдан эмгекчил. Аны жазган макалаларынан эле байкасак болот. Макалалары бир топ жакшы журналдарга чыккан. Алыскы Баткен областынан келип, ушундай даражага чейин өзүнүн тырышчаактыгы, эмгекчилдиги менен жетишип олтурат. Мындан сырткары көркөм чыгармачылык менен да алектенгендиктен Эл аралык, республикалык көргөзмө-конкурстарга да катышып турат. Башка мамлекеттин сыйлык наамдарын алып жатканы да, ошол талыкпаган эмгектин арты менен деп ойлоймун. Бул тармакта илим жактаган адистер таптакыр жок жана мындай

изилдөөлөр жокко эсе экенин билдик, андыктан жетекчи катары Сиздерден бул ишти колдоп берүүңүздөрдү суранам.

***Жыйындын төрайымы***: Сөз илимий ишке рецензент, п.и.к. доцент Токсомбаева Эркин Турганбековнага берилет.

***Токсомбаева Э.Т.: - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:*** Амираева Лайликан Авазовнанын "Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары" – темасында жазылган илимий иш менен толугу менен таанышып чыктым. Диссертация жалпы талаптарга ылайык жазылган жана тема бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу тема экендигин белгилөөгө болот.

Азыркы күндө ар бир улут өз баалуулуктарын сактап калуу жана аны кийинки муундарга өткөрүп берүү максатын ишке ашыруу үчүн, ушул багытта кесип ээлерин тарбиялоо маселеси көтөрүлүп жатат. Диссертацияда белгиленгендей педагогика илиминде искусствонун чоң бир багыты катары жасалга-колдонмо искусство предмети аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү атайын изилдөө предмети катары караган илимий эмгектер жокко эсе. Бул багыттагы иштерди жандандыруу менен билим берүү процессине чоң салым кошуп, кантип, кандайча студенттерди педагогикалык ишмердүүлүккө, чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруу керек экендигин чечүүгө багытталган илимий ишти баалуу изилдөө катары карасак болот.

Илимий иштин көңүл бура турган айрым маанилүү жактары:

– диссертацияда, кездешкен карама-каршылыктар 3 бөлүмдөн туруп, так, даана, эң туура, мезгил талабына жооп берген карама-каршылыктарды берген;

– студенттердин чыгармачылыгын өстүрүүгө багыт берүүчү стимулдар эң сонун маалыматтар менен берилген;

– диссертациянын 83-бетинде түстөр боюнча кызыктуу ойлор, теманын ар бир түшүнүктөрүнө берилген аныктамалар, программада берилген кызыктуу темалар илимий иштин баалуу экендигин көрсөтүп турат.

Изденүүчү Лайликан Авазовнанын илимий иши мындан да жогорку мазмундуу жана маанилүү болушун каалап, айрым мүчүлүштүктөргө жана сунуштарга токтолуп кетели.

Айрым мүчүлүштүктөр:

1. “Чыгармачылык” жана “Активдүүлүк” түшүнүктөрү – диссертациянын өзөгү, бирок бул түшүнүктүн мазмунуна илимий-педагогикалык жактан жана ага жетүүнүн жолдору (действие), методикалык негиздери ачык жана толук берилбей калган.

2. Биздин оюбузча, иштелип чыккан жана сунушталган моделде студенттердин чыгармачылыкгын, активдүүлүгүн өнүктүрүүчү механизимдерди көрө алган жокбуз, илимий негизде кайрадан такталып жана негизделип чыгууну талап кылат.

3. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилери боюнча сунуштар бир аз жупунураак жана үстүртөн болуп калган.

***Сунуштар:***

1. Изилдөө методдорду сунуштоодо эски методдор менен катар Кыргызстандын билим берүү системасына кирген *сынчыл ойломдон* баштап STEMге чейинки студенттердин активдүүлүгүн, чыгармачылыгын өстүрүүгө багытталган методдорду алсаңыз диссертациялык иштин баалуулугу жогорулатат деп ойлойбуз.

2. Чыгармачылык өнүктүрүүгө күчтүү мотивация керек, ар бир студент келечекте алган кесибинен ийгиликке жеткиси келет, ошондуктан колдонмо-жасалга кол өнөрүн өркүндөтүп, ийгиликке жеткендер жөнүндө да мисалдарды кошуп койсонор абдан жакшы болот деген ойдобуз.

3. Азыркы жаштарды маалыматтык хнологияларсыз, өзгөчө уюлдук телефону жок элестете албайбыз, ошондуктан атайын программаларды

сунуштап, мисалы, камчы жасоо, боз үй жасоо ж.б. интернет булактарынан үйрөнүүнү сунуштасаңыз болот деп ойлойбуз.

4. ”Жасалга-колдонмо искусство предметинин негизи –“ программасы боюнча 150-бетте, “студенттер үчүн өз алдынча иштин темалары берилген. Анда темалар, иштин мазмуну деген 2 графадан турат, биздин сунуш дагы бир графа “менин чыгармачылык табылгаларым” – деген графаны кошуу керек деп ойлойбуз, анткени илимий ишибиздин темасы чыгармачылыкты, активдүүлүктү талап кылат,чыгармачылык бул – жогорку баскычтагы ойлонуу, жаңыны жаратуу эмеспи.

Биз жогоруда айткан айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана сапатына терс таасирин тийгизбейт, тескеризинче бизден жардам болот деген ойдобуз.

“Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” – деген темадагы диссертациясынын коргоого сунуш кылабыз. Лайликан Авазовна көп жылдык тажрыйбасы бар педагог катары илимий ишине көп эмгекти жумшагандыгын изилдөөлөр көрсөтүп турат.

**Э.Т. Турганбековна:** Кошумча айтып кетчү нерсе мен Лайли Авазовна менен бир факультетте жыйырма жылдан ашык чогуу иштедик. Бул өзүнүн ишине болгон жоопкерчиликтүү мамилеси менен чыгармачылыкка стимул берет. Башкасын айтпай эле коёюн, университетте өткөн ар кандай майрамдык салтанаттарда, иш-чараларда тигилген боз үйдүн сөөгүнөн баштап, ички жасалгаларына чейин ушул эжекенин демилгеси менен студенттерге квалификациялык иш катары берилип, ал курстун студенттери үчүнчү курстан баштап ар бири өзүнө бөлүнгөн боз үйдүн жасалгаларын жасап чыгышкан. Анткени, бул группада көркөм өнөр багытында билим алышкан, кол өнөрчүлүгү менен таанымал Тоң районунун Кызыл Туу айылынан студент кыз-жигиттер билим алышчу. 2016-жылы Казак Республикасынын Түркистан шаарындагы Кожо Ахмет Ясави атындагы Казак-Түрк университетинин көркөм сүрөт искусствосу факултетине

конференцияга барганда, анын жасаган доклады жана кыргыз кол өнөрчүлүгү, кыргыз саймаларынын түрлөрү боюнча көрсөткөн мастер-классы казак окумуштуу-окутуучулар курамына абдан жагып кайра-кайра суранышып үйрөнүүгө аракет жасашкан. Мына ушул өнөрлөрдүн баарын чогултуп келип, теория менен практиканы айкалыштырып олтуруп, учурдагы жасалга-колдонмо өнөр боюнча илимий ишин жазды. Илимий ишти жазууда жол көрсөтүп, калыпка салып турган Айчүрөк Токтополотовнага рахмат айтсак болот.

***Жыйындын төрайымы:*** сөз экинчи рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а., Ниязова Айнагүл Маликовнага берилет.

***Ниязова А.М.: - педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.:***

Теманын актуалдуулугу. Тандалып алынган диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугунун себептери катары төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

1. Учурда санариптештирүү шартында кыргыз элинин жасалга-колдонмо өнөрүн сактап, таанытып, үйрөтүп келечек муундарга билим жана тарбия берүү зарыл. Жогорку окуу жайларында келечектеги кесипкөй адистерди даярдоо максатында студенттерди элдик улуттук руханий маданияты, өнөр казынасы менен тааныштыруу керек.

2. Улуттук баалуулуктардын чоң бир багыты – жасалга-колдонмо искусствосу болгон соң келечектеги мугалимдердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү маселесин чечүү зарыл.

Теманын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын КРнын Президентинин 2021-жылдагы “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгында, ошол эле жылда бекитилген “2021-2026-жылдарда окуучу жаштардын руханий адеп-ахлактык өнүктүрүү

жана дене тарбиялоо” концепциясы ж.б. документтер аркылуу чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөө ишинин структурасы кириш сөздөн, 3-бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттан жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 193 бет.

Биринчи главасында изилдөөнүн максаты, милдеттери так көрсөтүлгөн. Илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү белгиленген.

Коргоого 3 негизги жоболор коюлган.

Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектилерине көңүл бурулган. Жасалга-колдонмо искусствонун жанрлары толук сүрөттөлгөн. Андан сырткары, студенттердин активдүүлүгүнө таасир берүүчү түшүнүктөргө мүнөздөмө берилген: билгичтик, жөндөмдүүлүк, практикалык жөндөмдүүлүк.

Экинчи главада изилдөөнүн объектиси, предмети так жазылып, изилдөөнүн материалдары жана методдору берилген. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып, модели сунушталган.

Үчүнчү главада иштелип чыккан моделди эксперименттик текшерүүдөн өткөргөн.

Диссертациянын мазмунун жакшыртуу үчүн сунуштар:

1. Биринчи глава. Коргоого коюлуучу негизги жоболор кыска, так болушу керек. 1-пунктта илимий-методикалык эмгектердин анализинин негизинде кандай жыйынтыктарды алганыңыз тууралуу жазуу керек (10-бет).

2. Экинчи глава. Сунушталган жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарынын моделин жакшыртуу керек,

себеби модель өтө көлөмдүү болуп, структурасына компонент катары ашыкча материалдар кирип калган.

2.1. Мисалы, “педагогикалык эксперимент” компонентин бул структурага киргизүүнүн кажети жок: эксперименттин этаптары баарына маалым.

2.2. Педагогикалык шарттар дагы коррекциялоого муктаж: а) чыгармачыл билим берүү чөйрөсүн түзүү: студенттерге өз идеяларын эркин билдирүүгө жана ар кандай материалдар жана ыкмалар менен эксперимент жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

2.3. Дисциплиналар аралык интеграция (жасалга-колдонмо искусство предметтери башка дисциплиналар, мисалы, тарых, маданият, дизайн менен байланыштыруу) аркылуу студенттерди окулуп жаткан материалды тереңирээк түшүнүүгө, сынчыл ой жүгүртүүсүн жана креативдүүлүгүн өнүктүрүү.

3. Баалоо түшүнүгү “Педагогикалык шарттар” бөлүгүндө эмес, өзүнчө бөлүктө болсо жакшы болот эле.

4. Баалоо критерийлери деп берилиптир. Баалоо эмнегедир эксперименттик ишти баалагандай. Баалоо өзүнчө болушу керек.

5. Бөлүктөрдүн аталышын дагы кайрадан карап, башкача аталса жакшы болот.

6. Үчүнчу глава. Жалпы корутундуда изилдөөнүн, эксперименттин жыйынтыктары олуттуу жазылышы керек. Биринчи, экинчи главалардан кийин корутундулар кененирээк жазылган.

***Жыйындын төрайымы:*** Эгерде башка сүйлөй турган каалоочулар болбосо, жогорудагы айтылган нерселерди жыйынтыктап, төмөнкүлөргө токтолуп кетейин.

Диссертацияны окугандар айтып жатышат абдан сонун материалдар бар экен депшип. Мен да өз ой-пикиримди билдирип кетейин. Сиз өзүңүздүн резюмеңизде жазып жатасыз башка өлкөлөр менен да байланыш түзүп чыгармачылыкта иштешип жатканыңызды. Илимий иштин ичинде мисалы,

бул темага тиешеси жок окмуштуулар да кирип кеткен, ушул жагын карап койсоңуз. Бул теманы мисалы, Кыргызстанда кимдер изилдеген? Ал эми Казакстанда, Россияда, Белоруссияда, Якутияда кимдер изилдегенин талдап жазсаңар, өзүңөр үчүн да концепциясы түшүнүктүүрөөк болот го деймин. Антпесе жыйырма кишини жазып алсаңар, алар эмнени изилдеген деген ой туулушу мүмкүн. Буга чейин бул темада Кыргызстанда болгону эки гана киши изилдеген, алардын илимий ишине токтолуп, алар изилдөөлөрүндө бул гана аспектисине токтолгон, биз болсо изилдөөнүн башка аспектисин карап жатабыз. Ошону үчүн эки башка тема, эки башка мазмун, эки башка натыйжа деп кенен түшүнүк беришиңер керек. Ошондой талдоо берүү керек, антпесе болбойт.

Кесиптештердин айткандарына макулмун. Бул жерде чыгармачылык активдүүлүк көмүскөдө калган. Россиялык окмуштуулар изилдөө боюнча бизге караганда алдыда го, бирок Кыргызстанда бар окмуштуулар, эң негизгиси маңыздуусу чыгармачылык активдүүлүк мамлекеттик стандартта так, даана берилген. Нормативдик-укуктук ченемдик документтерди да кошуп койсоңуз болот. Ал Кыргыз Республикасы буга көңүл буруп жатат деген эле сөз. Ошол жагын көрө алган жокмун, ал жагына көңүл бөлүп койсоңуздар. Сизде эки багыт болуп жатат. Бир жагынан жасалга-колдонмо искусство предметтери, экинчи жагынан чыгармачылык активдүүлүк. Чыгармачылык чындап эле активдүүлүктү талап кылат, сиз далилдесеңиз абдан сонун болот. Изилдөөнүн милдеттерине келгенде, биринчи милдетти корректировкалоо керек. Анткени стилистика жагынан мазмуну кичине туура эмес кеткен окшойт. Писихология-педагогикалык аспекти деп жазып олтурбай кыскача мазмуну деп жазсаңар. Анан изилдөөнүн методдоруна да көңүл бургула. Мисалы үчүн кээ бир методдор, сиз санаган изилдөөнүн методдоруна кирбейт. Бул жагына да көңүл бурсаңыздар. Үчүнчүдөн шарттарыңар беш шарт болуп жатат, мындай болбойт, үч эле конкретүү шарт кылгыла. Силердин шарттарыңар, тим эле Манас айткандай эле шарт болуп жатат да толтура. Же болбосо, эки эле шарт кылгыла, Айнагүл

Маликовнанын рецензиясын карап көрөсүздөр. Ошол шарттар мен үчүн аябай көп болуп жатат. Шарттар канчалык жакшы болсо, андан аркы ишиңиз конкреттүү болот. Анткен себеби; ошол шарттар менен модел түзүп жатасыз да. Модель жөнүндө Айнагүл Маликовна жакшы айтты, ошону карашыңар керек. Педагогикалык эксперимент презентация кылып жатпайсыңарбы, ал абдан так жана ачык болушу керек. Эстетикалык жагына да көңүл бургула. Анан моделге да бир сыйра карашыңар керек экен. Педагогикалык эксперимент боюнча да түшүнүксүз жерлер болуп жатат. Чыгармачылыкты компетенттүүлүк катары карасаңар болот, же болбосо чыгармачылыкты бийик деңгээл катары карасаңар болот. Мамлекеттик стандартта бул чыгармачылык эң чоң продукцияны берген, жараткан катары карайт да. Моделге продуктивдүү эмес, репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү деген деңгээлдер берип жатпайбы, моделге ошону сунуштасаңыз абдан сонун болот. Анткени мамлекеттик стандартта жогорку, ортоңку, төмөнкү деп атабастан, ушул деңгээлдер берилип жатпайбы. Биз Сизге жардам катары бул сунуштарды, сындарды айтып жатабыз.

Жалпылап айтканда, түзөтүүлөр менен мен бул ишти колдойм, изденүүчү жетекчиси менен айтылган сунуштардын үстүнөн иштеп, оңдоолорду киргизет деген ишеним бар. Урматтуу кесиптештер, бул илимий иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган. Диссертациялык ишти коргоого сунуштаса болот, изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу экендигин жасаган докладдан, суроолорго жооп берүүсүнөн, материалды терең билгенинен, бул теманын үстүндө көп жылдар бою эмгектенип өзүнүн практикалык иш-аракетин чагылдырганы көрүнүп турат.

***Жыйындын төрайымы:*** Биз бул диссертация боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин, көөнөрбөс улуттук мурастарын жаштарга билим берүүдө пайдаланып, улуттук баалуулуктарды баалап, өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муунга жеткире турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо – бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири. Ушундан улам өз ишин терең билген, билими менен ишмердигин ар тараптан айкалыштырып колдоно алган кесипкөй адистерди даярдоо, жогорку окуу жайлардын алдына коюлган негизги максат болуп саналат.

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги кабыл алган 2002-жылдагы концепцияда: «Улуттук маданият, көөнөрбөс өнөр аркылуу жаштарга ар тараптан көркөм эстетикалык тарбия берүүнүн бир бөлүгү – көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү; сулуулукка, тазалыкка үйрөтүү; маданияттуулукка тарбиялоо; адамзат коомундагы маанилүү мурастарды үйрөнүү, жалпы элдик руханий ийгиликтерди баалай билүүгө тарбиялоого» өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Бул концепциянын негизинде коомдун, инсандын калыптанышында эстетикалык, көркөм билим берүүнүн ролуна маани берилип турган учур. Аталган маселелер Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгында (2021), “2021-2026-жылдарда жаштарды руханий адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында” (2021) тарбиялоонун башкы максаты катары жаштарды ата-мекендик педагогикалык салттар аркылуу калыптандыруу, ошондой эле жаш муундарга элдик руханий маданияттын мурастарын элдик педагогиканын идеялары, улуттук тарыхый дөөлөттөрү аркылуу жеткирүү милдеттери белгиленген. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн сөзсүз түрдө кесипкөй педагогдорду улуттук баалуулуктардын үлгүлөрүн колдонуп, келечек муунга билим берүүгө даярдоо зарылдыгы келип чыгат. Мына ушул улуттук баалууктардын чоң бир багыты – жасалга-колдонмо искусствосу.

*Ушундан улам студенттердин, башкача айтканда келечектеги мугалимдердин жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнү изилдөөбүздүн маанилүү маселеси катарында кароону максат кылып алдык.*

**Изилдөөнүн максаты**: жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктап, алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн объекти:** катары – И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасындагы студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу өнүктүрүү процессин белгиледик**.**

**Изилдөөнүн предмети:** жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо деп белгиледик.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Жасалга-колдонмо искусствонун тарыхый өнүгүшүн жана жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун психология-педагогикалык аспектилерин теориялык талдоо.
2. Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн, педагогикалык шарттарын аныктап, моделин түзүү.
3. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** Жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүшү илимий-теориялык, практикалык жактан талданып, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмуну, педагогикалык шарттары аныкталды. Аныкталган шарттардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип,

практикалык сунуштар иштелип чыкты. Студенттерге билим берүүдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу алардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн компоненттери педагогикалык багытта ачылып, элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бардык түрлөрү боюнча кеңири мисалдардын негизинде билим берүү процессинде чыгармачылык активдүүлүктөрү калыптанды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** «Жасалга-колдонмо искусство предметтери» курсу боюнча кол өнөрчүлүктүн бардык багытын камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар системасы, тесттер көркөм өнөр адистигинде окуган болочок педагогдор үчүн колдонулса болот. Илимий изилдөөдө жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун компоненттери бул адистикте иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструментарий. Бул багытта компетенциялары калыптанган студенттер жалпы билим берүүчү мектептерде, билим берүү борборлорунда, орто жана жогорку окуу жайларында көркөм-эстетикалык билим жана тарбия берүүгө даяр адистерди даярдоого өбөлгө түзөт.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Жасалга-колдонмо искусствосунун тарыхый өнүгүүсү илимий-практикалык негизде теориялык талдоого алынып, жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталды; тапшырмалар системасы түзүлүп, окуу-иш планы, типтүү программа, ОМК иштелип чыкты.

**7. Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу.**

1. **Амираева, Л.А.** Элдик көркөм кол өнөрчүлүк боюнча билим, тарбия берүүнүн регионалдык системасын уюштуруунун жана пландоонун маселелери [Текст] / Л.А. Амираева // “Инновационные тенденции развития науки и образования” Вестник Иссык-Кульского государственного университета им. К. Тыныстанова, – Каракол. – 2009. - №24. – С. 173-175.

2. **Амираева, Л.А.** Учебная программа по предмету: ДПИ «Конструирование мягкой игрушки» [Текст] / Л.А. Амираева // Жарчысы ЖАМУ, – Жалал Абад. -2010. – №1-2. Атайын чыгарылыш. – 58-61-бб.

3. **Амираева, Л.А.** Сохранение и привитие традиций декоративно-прикладного искусства, как одно из ведущих задач на уроках труда [Текст] / Л.А. Амираева // Жарчысы И.Арабаев ат. КМУ, – Бишкек. - 2012. – №2. С. 97-99.

4. **Амираева, Л.А.** Методическое руководство по теме: «Интерьер» [Текст] / Л.А. Амираева // 3-я международная заочная научно-практическая интернет-конференция: Теоретические методологические ОСНОВЫ ИЗУЧЕНИЯ ДИЗАЙНА и ИСКУССТВА ИНТЕРЬЕРА Тульский ГУ. – Тула. РФ. 2014. – С. 210-215.

5. **Амираева, Л.А.** Көркөм өнөрчүлүк боюнча билим, тарбия берүүнүн аймактык системасын уюштуруунун жана пландоонун маселелери [Текст] / Л.А. Амираева // «Хабаршы» Абай атындагы Казак улуттук педагогикалык университети, – Алмата. – 2014. Көркөм билим берүү” сериясы – №2 (39), – 30-32-бб.

6. **Амираева, Л.А.** Орто мектептердеги көркөм өнөр предметинин учурдагы абалы [Текст] / Л.А. Амираева // Жарчысы С. Нааматов ат. НМУ, – Нарын. – 2016. –№2-3. Атайын чыгарылыш. – 36-37-бб.

7. **Амираева, Л.А.** Декоративно-прикладное искусство как средство воспитания подростающего поколения [Текст] / Л.А. Амираева // IV традиционной Международной научно-практической конференции «Актуальные проблемы профессионального обучения в условиях новой формации». Международный Казахско-Турецкий Университет им. Х.А. Ясави, –Туркестан. – 2016. – I том. – С. 87-91.

8. **Амираева, Л.А.** Балдарга эстетикалык тарбия берүүдөгү көркөм өнөр предметинин ролу [Текст] / Л.А. Амираева // ALATOO ACADEMIC STUDIES, – 2017. – №1. – С. 126-129.

9. **Амираева, Л.А.** Обучение детей художественной обработке войлока на уроках технологии [Текст] / Л.А. Амираева // ALATOO ACADEMIC STUDIES, – 2017. – №2. – С. 166-172.

10. **Амираева, Л.А.** Кол өнөрчүлүк ийримдеринде 7-8-класстын окуучуларына Чий чырмоону үйрөтүү [Текст] / Л.А. Амираева // Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, – 2017. – №1. – 37-40-бб.

11. **Амираева, Л.А.** Жалпы билим берүүчү мектептерде Көркөм өнөр предметин окутуу аркылуу окуучуларга эстетикалык тарбия берүү маселелери [Текст] / Л.А. Амираева // Научный и информационный журнал НАУКА И ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ. КРУИА, – 2018. – №2. – С. 14-17.

12. **Амираева, Л.А.** «Вопросы преподавания студентам по специальности изобразительное искусство историю методов обучения рисованию» [Текст] / Л.А. Амираева //Научно-практической конференции «Цивилизация кочевников: Историческое наследие и современность» Международный научно-практической журнал Вестник Кыргызстана, – 2018. – №1. – С. 152-156.

13. **Амираева, Л.А.** Элдик көркөм жасалга өнөрүнүн тарыхый калыптанышы жана перспективалык өсүүсү» [Текст] / Л.А. Амираева // ALATOO ACADEMIC STUDIES, – 2018. –№4. – 24-29-бб.

14. **Амираева, Л.А**. Боз үйдү жасалгалоодогу технологиялык өзгөчөлүктөр жана илимийлүүлүк принциптери [Текст] / Л.А. Амираева // Жарчысы И.Арабаев атындагы КМУ, - 2021. – №2. – 292-295-бб.

15. **Амираева, Л.А.** Оймочулук улуттук көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү [Текст] / Л.А. Амираева // XV INTERNATIONAL SCIENTIFIC AND PRACTICAL CONFERENCE. “Global science and innovation 2021: Central asia” №4 (15) SERIES “ART SCIENCESӨ Nur-Sultan, Kazakhstan. – С.8-11.

16. **Амираева, Л.А**. Technological conditions for modern felt processing (Кийизди заманбап иштетүүнүн технологиялык шарттары) [Текст] / Л.А.

Амираева // Music and dance research-5. Sakarya Universitesi Yayinlari, – Turkiye. -05.12.2022. – С. 252-259.

17. **Амираева, Л.А.** Килемчилик жана килем токуунун технологиясы) [Текст] / Л.А. Амираева // Жарчысы И.Арабаев атындагы КМУ, – 2022. – №2. – 253-257-бб.

18. **Амираева, Л.А.** Жасалга-колдонмо өнөр сабагын окутууда студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору) [Текст] / Л.А. Амираева // Известия ВУЗов Кыргызстана, – 2023. – №3. – 199-203-бб.

19. **Амираева, Л.А.** Окутуу процессиндеги искусство жана кол өнөрчүлүктүн орду [Текст] / Л.А. Амираева // Известия ВУЗов Кыргызстана, – 2023. – №4. – 177-180-бб.

**8. Диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, бөлүмдөр боюнча корутундудан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Жалпы көлөмү 193 бет.

**9. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү** изденүүчүнүн жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары проблеманы чечүүгө карата мамиленин теориялык-методологиялык негизделгендиги, изилдөөнүн илимий аппаратынын тандалып алынган изилдөө методдоруна шайкеш келгендиги, илимий булактарга анализ жүргүзүү жана аларды практика жүзүндө колдонуу, педагогикалык-тажрыйбалык иштин натыйжалары, изилдөөнүн милдеттерине шайкеш келген изилдөө ыкмаларынын комплексин айкалыштыруу менен камсыз кылынат.

**10. Диссертациялык иштин адистикке ылайык келиши.** Изилдөөдө жасалга-колдонмо искусствосу предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып эксперимент аркылуу текшерилген. Ошондуктан «Жасалга-колдонмо искусствосу предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык

активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келет жана КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобонун” 2.10 пунктунун талаптарына жооп берет.

**2-суроо. Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” – темасындагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана бекитүү.**

Жыйындын төрайымы катышуучуларды жыйындын күн тартиби жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 26.09.2022-жылдагы № 01-9/422 маалыматтык каты менен тааныштырды. ОшМУнун педагогика жана психолгия факультеттинин педагогика кафедрасы тарабынан иштелип чыккан диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: Бектуров Т.М. берди.

**Угулду:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: Бектуров Т.М. Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” темасындагы аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасында тарыхый-этнографиялык, психолого-педагогикалык адабияттарды, илимий изилдөө методдорун анализдөө методдору камтылгандыгын атады.

Изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди:

**Ниязова А.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Чыгармачылык деген эмне?

**Изденүүчү:** Чыгармачылык – бул ээ болгон тажрыйбанын, билим, билгичтиктин комбинациясынын негизинде мурда болбогон, жаңы нерсени

жараткан ишмердүүлүк. Философиялык түшүнүктө чыгармачылык – бул, мурда эч болбогон сапаттуу жаңы нерсени жараткан ишмердүүлүк катары көсөтүлгөн.

**Жакыпова З.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.**

Сиз илимий-изилдөө ишиңизде педагогикалык шарттарга токтолуптурсуз. Кайсы окумуштуулардын аныктамаларын негиз катары алдыныз?

**Изденүүчү:** «Педагогикалык шарттар» деген түшүнүк педагогика илиминдеги негизги түшүнүк болуп эсептелет. Педагогикалык шарт түшүнүгүн окумуштуулар ар түрдүүчө аныкташат. Биз Н. Борытко, М. Ципро ж.б. окумуштуулардын ойлоруна таянып, педагогикалык шарт түшүнүгүн мазмундун, методдордун ошондой эле максатка жетүү үчүн окутуунун уюштуруучу формаларынын элементтерин максаттуу багытта тандоо, түзүү жана колдонуунун натыйжасын түшүндүрөт деп эсептейбиз.

**Кудайбердиева Г.К.** – **педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а.: –** Эстетикалык сезим деген эмне?

**Изденүүчү:** Эстетикалык сезим – руханий сезимдерге кирет. Анын пайда болушуна эки түрдүү жагдай себепчи:

1. адамзаттар менен кубулуштарда адамга таасир этүүчү, анын көңүлүн буруучу өзгөчө касиет болуусу зарыл;
2. адамзаттар менен кубулуштарга көңүлүн эрксиз буруп, анын жан дүйнөсүнөн орун алып калышы. Эгер жөн эле көрүп, ал жөнүндө ойлонбосо же эсине сактап калбаса, анда эстетика жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес.

## ТАЛКУУЛООГО КАТЫШТЫ:

**Бектуров Т. М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” темасындагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук

жооп берет. Жасалга-колдонмо искусствонун милдети ар түрдүү буюмдарды, жасалгаларды, курулуштун айрым бөлүгүн кооздоо, ошол кооздукту түзүүгө пайдалануучу ар кандай жасалга элементтерин, нерселерди жасоодо, демек бул өнөр илгертен келе жаткан элдик өнөр. Буюмду эл жаратат, эл ага ылайыктуу, жарашыктуу түр берип, ой-кыялын оюм-чийим аркылуу кынаптайт. Ал буюмдар элдин кыялын, эңсөөсүн, үрп-адатын, жаратылышын түркүн түс менен чагылтып, урпактарга мурас болуп, бабалардын турмушунан элес берет. Ошондуктан аларды таанып билүүнүн жана ал аркылуу билим берүүнүн, тарбиялык иштин ролу зор. Азыркы мезгилдеги жаштардын көркөм өнөр искусствосуна, анын ичинде элдик кол өнөрчүлүккө болгон кызыгууларынын тынымсыз өсүшү бекеринен эмес.

**Ниязова А.М. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.:** Жасалга-колдонмо искусство буюмдарынын *баалуулугунун факторун* илимий жана практикалык негиздеги эки принциптин шартында караш керек:

1. элдин терең катмарына сиңип, талаптарына алынып, эл чарбасында кеңири өндүрүлүп жаткан буюмдардын көркөмдүк жана сапаттык деңгээлинин чеги;
2. элдик чакан ишканалардын, чыгармачыл бирикмелердин жана элдик чеберлердин колунан жаралган буюмдардын көркөмдүк-эстетикалык деңгээлдеги (жаңычыл табылгаларынын өз алдынчалыгынын көркөм мурас катары) бааланышы.

Ал эми жасалга-колдонмо искусство буюмдарынын сапаттык жана *эстетикалык нарктуулугу* материалды, форманы көркөм иштеп чыгуудагы оюм-чийимдер жана мотивдер, сюжеттик жана символикалык сүрөттөөлөр менен жасалгалоодогу өзгөчөлүгүндө.

**Кудайбердиева Г.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а..**

Чыгармачылык активдүүлүк, коомдогу идеологиялык иштер окуу процесси менен тыгыз байланышта болгондуктан, студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн окуу-тарбия ишинде

калыптандырууда окуу усулдары, формалары жана каражаттарын максаттуу колдонуу аркылуу жетишүүгө болот. Ошону менен катар чыгармачылык маданият – чыгармачылык кабыл алуу, баалоо, көз караштын өнүгүү натыйжасы, куралы ошону менен бирге жандандыруу фактору болуп эсептелет. Ал инсандын ар тараптан өнүгүүсүндө да маанилүү роль аткарат. Адам бул факторлордун таасиринде, биринчи кезекте, чындык дүйнөнү эстетикалык жактан кабыл алып жана кайра куруусу эстетикалык аң-сезим, акыл-ойдун өнүгүүсү менен байланышта өтөт.

**Эсенгулова М.М.: – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Биздин бүгүнкү кафедранын жыйыны Амираева Лайликан Авазовнанын диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өттү. Программа боюнча өз пикирин билдирген баяндамачыны, профессордук-окутуучулар курамын уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына туура келген маселелер толук камтылганын белгилегим келет.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы Амираева Лайликан Авазовнанын диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Амираева Лайликан Авазовнанын диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Амираева Лайликан Авазовнанын “Жасалга-колдонмо искусство предметтери аркылуу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары” – аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын 10 пунктунун жобосуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунуш кылынсын.

3. Амираева Лайликан Авазовнанын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын диссертациянын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы:** Ушул чечим кабыл алынсын десеңиздер, добуш берип коюңуздар. «Макул» – бардыгы, «Каршы», «Калыс» – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Жыйындын төрайымы:**
**педагогика кафедрасынын башчысы,**
**п.и.к., доцент:** **Эсенгулова М.М.**

**Секретарь:** **Байдылдаева Г.Т.**

п.и.к., доцент М.М. Эсенгулованын жана окутуучу Г.Т. Байдылдаеванын кол тамгасын тастыктаймын

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Н. Садыкова